## 3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары

11. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына, ушул Жобого, жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына таянышат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары:

- бүтүрүүчүнүн жалпы билим берүүчү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына даярдыгын аныктоо;

- мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы менен бүтүрүүчүгө жалпы билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тиешелүү документ берүү

12. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын төрага башкарат, ал комиссиянын ишин уюштурат жана контролдойт, бүтүрүүчүлөргө коюлчу талаптардын бирдейлигин камсыздайт.

## 4. Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясын өткөрүү тартиби

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун жыйынтыктары "эң жакшы", "жакшы", "канааттанарлык", "канааттанарлык эмес" деген баалар менен аныкталат жана ошол эле күнү мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын протоколдорун белгиленген тартипте тариздегенден кийин жарыяланат.

13. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен жабык жыйында кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болот.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшыра албаган бүтүрүүчүлөр кайра тапшырууга бир жума убакыттан соң гана киргизилет.

14. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши жөнүндө ар жылдык отчет билим берүүчү уюмдун кеңешинде талкууланат жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аяктагандан кийин РООго берилет.